DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2021

***ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ***

***ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***

***PEDAGOGICAL SCIENCES***

*Ажибаева А.Ж., Жайылган кызы М.*

# АЗЫРКЫ УЧУРДАГЫ МУГАЛИМДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК ЧЕБЕРЧИЛИГИ ЖАНА МАДАНИЯТТУУЛУГУ

*Ажибаева А.Ж., Жайылгын кызы М.*

# ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ МАСТЕРСТВО И КУЛЬТУРА СОВРЕМЕННОГО УЧИТЕЛЯ

*A. Azhibaeva, Jaiylgan kyzy M.*

# PEDAGOGICAL SKILLS AND MORAL VALUES OF THE MODERN TEACHERS

*УДК: 378.04/17*

*Мугалим – бул кесип гана эмес, адамдын жекече сапатын да талап кылат. Мугалим балдарды сүйгөн, алар үчүн жан-дили менен берилип иштеген, интеллигенттүү, руханий дүйнөсү бай, жаңыча иштей билген, эмгекчил, чыгармачыл адам болушу зарыл. Ошондуктан, биз, бул макалада, ар бир коомдун келечегин аныктоочу кесиптин бири болгон мугалимдин чеберчилигин жана маданияттуулугун карадык. XXI кылымдын ээлерине даярдоого багыт алган мугалим дүйнөдө болуп жаткан глобалдык проблемаларды түшүнө билиши зарыл, компьютердик технологиянын негиздерин, башкаруу психологиясынын техникасын өздөштүргөндө гана ал келечектин ээлерине тарбия бере алат. Андан тышкары келечектин мугалими адамзатка таандык жакшылыктарды өзүнө чагылдырган адам болушу керек. Мугалим ар бир окуучунун досу болуп ошону менен бирге ар бир окуучунун таанып билүү активдүүлүгүнө таасир эткен адам болушу зарыл. Ал эми педагогикалык маданиятка мугалимдердин педагогикалык ой жүгүртүүсү, педагогикалык багыттуулугу менен эле кошо кийинүү стили, сүйлөө манерасы, речи да кирээри белгилүү. Мугалимдин ар бир кылган кадамдары, жасаган иштери келечектин өсүп келе жаткан инсандарына чоң таасир берүү менен бирге, өлкөнүн, коомдун өзгөрүүсүнө да таасирин тийгизет.*

***Негизги сөздөр:*** *педагог, чеберчилик, маданияттуулук, инсан, коом, окутуу, өнүгүү, тарбиялоо.*

*Учитель – это не только профессия, здесь требуют проявление индивидуальных качеств человека. Педагог должен быть трудолюбивым и творческим человеком, который любит детей, много работает для них, обладает интеллектуальным и духовным миром и способен работать по-новому, трудолюбив и креативен. Поэтому в этой статье мы рассмотрели навыки и культуру учителя, которые являются одной из профессий, определяющих будущее любого общества. Педагог, ориентированный на подготовку будущих кадров XXI века, должен уметь разбираться в глобальных проблемах мира, он может воспитывать хозяев будущего только в том случае, если владеет основами компьютерных технологий, приемами психологии управления. Кроме того, будущий учитель должен быть человеком, отражающий добро человечества. Учитель должен быть другом каждого ученика и в то же время человеком, влияющим на познавательную деятельность каждого ученика. Как известно, педагогическая культура включает в себя не только педагогическое мышление и педагогическую направленность учителей, но и стиль одежды и манеру речи. Каждый шаг и действие учителя не только оказывает огромное влияние на развитие личности, но также оказывает влияние на развитие и преобразование страны и общества.*

***Ключевые слова:*** *педагог, мастерство, культура, личность, общество, обучение, развитие, воспитание.*

*A teacher is not only a profession, but it also requires the personal qualities of the human. The teacher should be a person who loves children, who works a lot for them, should be an intelligent, who has a rich spiritual soul, who knows how to work creatively and smart. Therefore, in this article, we examined the skills and moral values of the teacher, which is one of the professions that will shape the future of any society. A teacher should be focused on training the masters of the 21st century, who able to understand the global problems of the world, he can educate the masters of the future only if he masters the basics of information technology, the methods of psychological managing. In addition, the teacher of the future should be a person who reflects the kindness of humanity. The teacher must be a friend for every student and at the same time a person who influences the cognitive activity of every student. It is known that culture of pedagogy includes not only pedagogical thinking, pedagogical orientation of teachers, but also the style of dress, manner of speech and the behavioral values. Each duty and step that a teacher takes, has a profound impact on the growing individuals of the future, as well as on the development of the country and society.*

***Key words:*** *teacher, art, culture, personality, society, training, development, education.*

Коомубузда жүрүп жаткан гумандаштыруу жана демократиялаштыруу процесстер сөзсүз өз салымын мугалимди даярдоо процессине таасир тийгизүүдө. Жаңы типтеги мугалим көп касиеттерге ээ болушу зарыл. Замана өзгөрүлгөн сайын мугалимге жаңы талаптар коюлууда.

«Чеберчилик» – педагогикалык ишмердүүлүктү бийик деңгээлде атайын берилген убакытта оптималдуу чечимге, жыйынтыкка алып келүү деген маани

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



менен тыгыз байланышта болот.

Чеберчилик ишмердүүлүк процессте ишке ашат. Педагогикалык ишмердүүлүктүн түзүлүшү – бир нече компоненттерден турат. Алар: максат, объект, субъект, каражат. ж.б.

XXI кылымдын мугалими ыйык адамдык сапаттарга ээ болушу зарыл, анткени ал жаңы адамды калыптандыруу процессине катышып жатат. Андан тышкары келечектин мугалими адамзатка таандык жакшылыктарды өзүнө чагылдырган адам болушу керек. Мугалим ар бир окуучунун досу болуп ошону менен бирге ар бир окуучунун таанып билүү активдүүлүгүнө таасир эткен адам болушу зарыл. Өз кесибин, предметин сүйгөн, аны жеткиликтүү, кызыктуу, чыгармачылык деңгээлде алып барган мугалим бүгүнкү күндүн талабына жооп берет [5].

XXI кылымдын мугалими «дүйнөдөгү прогресстин апостолу» болууга умтулуу менен бирге өзүнүн таанып билүү ишмердүүлүгүн үзбөй уланткан инсан болушу зарыл.

Дагы азыркы учурдун педагогдору белгилегендей: «бүгүнкү мугалим келечектен келген адам болуп, рухий биримдүүлүккө ээ болуу менен бирге, курмандыктын үлгүсү жана окуучу баланын акылын сактоочу периште болушу керек» [1].

Демек, мугалим толук жашоо искусствонун чебери болгондо гана ал жаңы адамды толук инсандык касиеттерге ээ болгон келечектин ээси катары калыптандыра алат.

Андан тышкары жаңы типтеги мугалим окуу тарбия майданында болуп жаткан жаңылыктарды, идеяларды сабакта колдонушу зарыл.

Ал идеяларды жаңычыл, чыгармачыл мугалимдер өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүндө колдонууда, алар төмөнкүлөр:

- мажбурлабай окутуу;
- оор максат коюу идеясы;
- таяныч сигналдарды колдонуу;
- өз эрки менен тандоо идеясы;
- өзүнө-өзү анализ берүү;
- эвристикалык сүйүнүчтөргө жетүү идеясы;
- окуучулардын инсандык касиетин сактоо, колдоо идеясы;
- көрөгөчтүүлүк идеясы ж.б.

Мугалимдин инсан деген түшүнүккө таандык сапаттарын айтсак:

балдарды сүйүү, моралдык туруктуулук, чыгармачыл деңгээлде ой жүгүртүү, социалдык активдүүлүк, өзүн-өзү башкара билүү, байкоо, педагогикалык такт, чынчылдык, тышкы келбетинин тыкандыгы, табышкерлик, эрктүүлүк, баарлашуу чеберчилиги, өзүн-өзү сындоо, окуучуларга жана өзүнө карата талап коюу ж.б.

Мугалим аталган сапаттарга ээ болуу менен бирге тарбия ишинин методикасын жана тарбиясынын негиздерин билиши керек. Өзүнүн предметинин окутуу методикасын билүү менен чектелбестен, анатомо-физиологиялык, гигиеналык, психолого-педагогикалык билимдерге ээ болушу зарыл. Адабият, искусство, этика, эстетика, укук, саясат жөнүндө да билими болууга тийиш. Азыркы күндө кадырлуу жана таасирдүү мугалим деген түшүнүктөр пайда болууда. Болочок мугалим бул түшүнүктөргө ээ болуу максатында төмөнкү белгилерге ээ болушу зарыл:

- ➢ коомдо болуп жаткан кубулуштарга компетенттүү мамиле жасаган;
- ➢ өз тармагы боюнча билимдүү болуу;
- ➢ окуучулар менен айлана чөйрөсүндөгү адамдар менен гумандуу мамиле түзө алган;
- ➢ башкаларга жардам берүүгө ынтызар;
- ➢ ишенимдүү мамиле жасап сезимтал болгон;
- ➢ өз ийгилигинин стратегиясын түзө билген;
- ➢ өнүктүрүүгө даяр жана аракет кылган;
- ➢ жүрүш- турушу үлгүлүү;
- ➢ окуучунун муктаждыгына карата кызмат кыла алган;
- ➢ бардык нерсеге маани берген;
- ➢ жүрүш-турушу үлгүлүү;
- ➢ уюштургуч, лидер жана ишти жакшы билген адис ж.б.

Өзүнүн ишинин мүнөзү боюнча мугалим көп ыктарга ээ болушу зарыл. Атап кетсек: уюштургуч, конструктивдүү, билгичтик, коммуникативдүү, таанып билүү, прикладдык ыктар.

Биринчиден, педагогикалык ишмердүүлүктүн максатына, ал максат коомдук түзүлүшүнүн талабы менен тыгыз байланышта болушу керек.

Экинчиден, мугалимдин ишмердүүлүгү окуучунун ишмердүүлүгү менен айкалышып турушу зарыл.

*Окуучунун* ишмердүүлүгүн башкаруу аябай татаал процесс, анткени мугалимдин көздөгөн максаты окуучулардын келечегине өз таасирин тийгизбей койбойт. Бул жагдайды эске алып чебер-педагогдор өз ишмердүүлүгүнүн логикасын балдардын муктаждыгына таянып түзүшөт. Мугалим дайыма өсүп-өнүгүп келе жаткан инсан менен иш алып барат, ошондуктан шаблондук, стереотиптүү педагогикалык таасирлерден алыс болушу керек. Дайыма чыгармачылык изденүүдө болушу зарыл [4].

Бир эле учурда педагог менен бирге окуучуга айлана чөйрө да өз таасирин берерин унутпашыбыз керек. Мына ушул себептен мугалим баардык таасирлерди абдан түздөп жана окуучуну тарбиялоо, кайра тарбиялоо, өзүн-өзү тарбиялоосун туура уюштурууга көмөк берип жетектеп турушу зарыл.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Ал эми педагогикалык маданиятка мугалимдердин педагогикалык ой жүгүртүүсү, педагогикалык багыттуулугу менен эле кошо кийинүү стили, сүйлөө манерасы, речи да кирээри белгилүү.

Педагогдун сабак өтүүдөгү эң негизги маданияттуулугу, педагогикалык баарлашуу – бул мугалим менен окуучунун ортосунда сабак учурунда андан тышкары убакытта болгон профессионалдык баарлашуу процесси. Негизинен жагымдуу психологиялык климат түзүүгө багыт алат [2].

Ар бир окуучу өзүнүн сүйүктүү мугалими менен баарлашып жатканда оң эмоцияларга ээ боло алат жана акыл ээси, сезими, эрки бири-бирине шайкеш келип турганда гана баарлашуу процесси талап кылган деңгээлде өтөт.

Өз учурунда көрүнүктүү педагог А.С.Макаренко баарлашуунун белгилерин карап кеткен. Анын, улуу педагог катары айтымы боюнча ар бир педагогикалык жамаатты жетектөөчү мугалим өзүнүн тарбиялануучуларына карата сылык мамиле жасоо маанайын түзүп турушу керек. Ар бир мугалим үнүнүн тонуна, сөз сүйлөө маданиятына, өз эмоциясына чоң маани берип турушунун зарылдыгын белгилеген[3].

Мектеп шартында болобу же жогорку окуу жайда болобу мугалимдин биринчи кадамдары педагогикалык ченем деген түшүнүк менен айкалышып турушу зарыл,ошондо гана сыйлоо жана талаптуулук деген түшүнүктөр өзүнүн диалектикалык байланышында боло алат.

Окуучуларын сыйлай билип, педагогикалык талапты туура ченеми менен бергенде гана мугалим алардын инсандык баркын калыптандыра алат жана оң таасир бере алат.

Сөз сүйлөө искусствосу сөз сүйлөп жаткан адамдын инсандык касиети менен тыгыз байланышта болот.

Сүйлөө речи аркылуу мугалим окуучунун акылын, анын билимин, тажрыйбасын, эркин тарбиялайт.

Мугалимдин сүйлөө речи аркылуу окуучулар коомдук адеп ахлактык, саясий жана башка жактарын өзүнө кабыл алышат жана алардын аң сезими, ой толгоосунун, бири-бирине жасаган мамилеси өсүп өнүгөт.

Мугалимдин сөз сүйлөө маданияты бийик деңгээлде болгондо гана оң таасирин тийгизет, окуучулардын интеллекти байыйт, көз карашы калыптанат, инсандык баалуулуктары өсүп өнүгөт, күнүмдүк жүрүм- туруму позитивдүү негизде болот.

Шашылбай так, жана жеткиликтүү сүйлөө маданиятында болгондо гана келечектин педагогу өзүнүн сөз сүйлөө маданиятын өстүрө алат жана коммуникативдүү жөндөмдүүлүккө ээ болот. Мугалимдин сөз сүйлөө маданияты окуучу менен карым катнаш түзүүгө жардам берет:

- ✓ логикалык басымды туура берүү;
- ✓ үндүн коюлушу жеткиликтүү болуп, оң иш аракеттерге алып келиши;
- ✓ окуучунун инсандык касиеттерине шек келтирбей сүйлөө.

Мугалимдин чеберчилиги – көп ыктардын синтези болгондо гана ал балдардын турмушун уюштура алат, жана алардын өсүп өнүгүшүнө эффективдүү таасир бере алат.

Чебер-мугалимдин негизги ыктары төмөнкүлөр:

- ✓ балдардын дүйнөсүндө болуп жаткан, кубулуштарды туура кабыл алуу;
- ✓ ар бир баланын жан дүйнөсүн түшүнө билүү;
- ✓ талап берүүнү жана ишеним көрсөтүүнү билүү;
- ✓ байкоо, эске тутуу процесстердин мыйзам ченемдүүлүктөрүн баланын табитине карата туура колдонуу;
- ✓ өзүнүн сезимин, көңүлүн, сөзүн туура уюштуруп колдонуу;
- ✓ элестетүү, фантазия жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүп балдардын дүйнөсүнө жараша шайкеш кылып колдонуу;
- ✓ тышкы келбетине, жаңсоо, ымдоо, дене мүчөсүнүн келишимдүүлүгүнө, кыймыл аракетине чоң маани берип, алардын тарбиялык таасирлиги жөнүндө кам көрүү;
- ✓ окуу, тарбия жана башка ишмердүүлүк процессте окуучулар менен контакт түзүүнү билүү;
- ✓ окуучуларга жеке индивидуалдык мамиле жасоону билүү;
- ✓ окуучулардын демилгесин колдоо жана өнүктүрүү;
- ✓ ар жагдайда ар бир окуучусуна жардам берүү;
- ✓ окуучулар коллективинин пикирине ишеним көрсөтүү;
- ✓ коллективдүү чыгармачыл иштерди өткөрүүдө окуучулардын ойун, пикирин эске алуу;
- ✓ тартынчаак, уялчаак окуучу балдар менен өзүнчө иш алып барууну билүү;
- ✓ мектеп турмушунун өз алдынча иш алып баруу формаларын туура уюштура билүү;
- ✓ ар бир окуучунун жакшы сапаттарына таянып иш алып баруу;
- ✓ ар бир окуучунун оң жактарын издөө жана аларга таянып мамиле түзүү;
- ✓ окуучулардын адеп-ахлактык багыттарын калыптандырып, турмуштук көз караштарын өсүп-өнүктүрүү;
- ✓ ар бир окуучунун гумандуулук, атуулдук сезимин калыптандыруу;
- ✓ адилеттүүлүк, чынчыл, моралдык жактан таза болууну калыптандырууну көздөө;

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



- ✓ өзүнүн пикирин ынангандыгын коргонуу, окуучуларды коллективине үйрөтүү;
- ✓ окуучулардын мүнөзүн оңдоп түздөп, өз эмоциясын башкара билүүнү үйрөтүү;
- ✓ тарбия процессинин технологиясын билип гуманисттик карым катнаш системасын түзүү;
- ✓ өзүнүн иш аракетине анализ берип оң жактарын өстүрүү;
- ✓ окуучулардын идеалдарын калыптандырууга жардам берүү;
- ✓ чыгармачылык эрктүүлүгүн, эстетикалык табитин калыптандыруу жана өстүрүү;
- ✓ мактоо жана жазалоо методдорун колдонууда ар бир окуучунун жеке индивидуалдык касиеттерине таянып иш алып баруу;
- ✓ конфликттүү жагдайларда табышкердүү болуп оң таасир этүүчү ык, методдорду колдонуу ж.б.

Мына ушу сыяктуу кадамдарга ээ болуу менен бирге, мугалимдин маданияттуулугу, баарлашуу чеберчилигинин потенциалы өсүп-өнүгүү жолунда болооруна мүмкүнчүлүк бар болот.

**Адабияттар:**


1. Гусинский Э.Н., Турчанинова Ю.П. Введение в философию образования. - М., 2001.
2. Баженова И., Педагогикалык изденүү түзгөн которгон И Бекбоев. - Бишкек, 1989. - 211 с.
3. Макаренко А.С. О моем педагогическом опыте. // Пед.соч. в 8 томах.
4. Раимкулова А.С. Педагогикалык чеберчиликке жүз кадам. - Бишкек, 2020-ж.
5. Мамбетакунов Э.Т. Сияев. Педагогиканын негиздери. - Бишкек, 2008-ж. 304 б.
6. Ажибаева А.Ж., Жайылгын кызы М. Формирование экологической культуры у учащихся начальных классов в преподавании родиноведения. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2020. №. 5. С. 79-83.